эмгек мыйзамдарын жана муниципалдык менчикти башкаруу боюнча мыйзамдарды эске алуу зарыл.

ЖӨБ органы муниципалдык мүлктү (жер участогун, имаратты, курулманы, жабдууну, транспорт каражатын) жеке берүүчүгө (жеке же юридикалык жакка) конкурс өткөрүлгөнгө чейин 30 календардык күн мурда жалпыга маалымдоо каражаттарына кулактандыруу жарыялоо менен конкурс же аукцион өткөрүү аркылуу гана берүүгө укуктуу. М

# ТРАНСПОРТ КАРАЖАТЫН ИЖАРАГА БЕРҮҮНҮН ТИПТҮҮ КЕЛИШИМИ

**Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө жана өткөрүлүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды аткарууда мамлекеттик жана муниципалдык менчикти башкарууга, калкка ар кандай кызматтарды көрсөтүүгө жана социалдык-экономикалык өнүгүүнү камсыз кылууга байланышкан ыйгарым укуктарга ээ. Бул ыйгарым укуктарды жүзөгө ашырууда ар кандай келишимдер колдонулат. Келишимдердин ар кандай формаларынын үлгүлөрү жана башка типтүү документтер менен ЖӨБдүн Мыкты тажрыйбалар порталынан төмөнкү шилтеме боюнча таанышууга болот: https://myktyaimak.gov.kg/library/documents-form?lang=ru же төмөн жактагы QR-код аркылуу кире аласыз.**

**Бирок муниципалдык ишканалардын транспорт каражаттарын пайдаланууга келишимди туура түзүүгө байланышкан көптөгөн суроо-талаптарды эске алуу менен, “Муниципалитет” журналы тиешелүү келишимдин үлгүсүн жарыялайын деп чечти. Үлгүнү ЖӨБ органдарынын өтүнүчүнө жооп катары USAIDдин “Ийгиликтүү аймак 2” долбоорунун кызматкерлери даярдашты.**

## ТРАНСПОРТ КАРАЖАТЫН ИЖАРАГА БЕРҮҮ КЕЛИШИМИ

*(ЖӨБ органы менен муниципалдык ишкана ортосунда)*

Күнү Орду

Бир жагынан Нарын облусунун ____________________ районунун __________________________________________ айыл өкмөтүнүн атынан барган, Жобонун негизинде иштеген__________________________________(ыйгарым укуктуу жетекчинин аты-жөнү), мындан ары Ижарага берүүчү деп аталуучу жана экинчи жагынан ________ ________________________________(бүтүмдүн экинчи тарабы болуп саналган жактын аталышы же аты-жөнү), мындан ары Ижарачы деп аталуучу _________________________________ __________________________________ (бүтүмдүн экинчи тарабынын ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аты-жөнү), экөө чогуу мындан ары Тараптар деп аталгандар төмөнкүлөр жөнүндө ушул Келишимди түзүштү.

### 1. Жалпы жоболор

1.1. Ижарага берүүчү Ижарачыга ___________________________ (транспорт каражатынын аталышы) ижарага берет, мамлекеттик номери______________, чыккан жылы -_______, кузовдун № ___________, кыймылдаткычтын №___________ (мындан ары текст боюнча – транспорт каражаты), ушул Келишимде каралган шарттарда ________-жылдан ________-жылга чейин ________ мөөнөткө берет.

1.2. Транспорт каражаты Тараптардын колу коюлган кабыл алуу-өткөрүп берүү актысы боюнча өткөрүлүп берилет.

### 2. Келишимдин мөөнөтү

2.1. Бул Келишим ага кол коюлган күндөн тартып күчүнө кирет жана 202_-жылдын _____-__________________ чейин колдонулат.

2.2. Келишимдин колдонуу мөөнөтү аяктагандан кийин Ижарачы Транспорт каражатын кабыл алуу-өткөрүп берүү актысы боюнча кадыресе эскирүүсүн эске алуу менен аны кандай абалда алса, ошондой абалда кайтарып берүүгө милдеттүү.

### 3. Тараптардын милдеттери

3.1. Ижарага берүүчү Транспорт каражатынын жана анда орнотулган жабдуулардын сакталышын,

техникалык жактан иштешин жана комплекттүүлүгүн көзөмөлдөөгө укуктуу.

3.2. Ижарага берүүчү төмөнкүлөргө милдеттенет:

3.2.1. Ижарачыга Транспорт каражатын мыйзамдарда ушундай транспорт каражаттарына коюлган техникалык жана коопсуздук талаптарына шайкеш келген абалда өткөрүп берет.

3.2.2 Ушул Келишим боюнча өткөрүлүп берилүүчү Транспорт каражаты ага менчик укугунда таандык экендигин жана үчүнчү жактардын кандайдыр бир укуктарынан жана оорчулуктардан эркин болгонун кепилдейт.

3.3. Ижарачы төмөнкүлөргө милдеттенет:

3.3.1. Транспорт каражатын өткөрүп алып, аны максатына ылайык колдонууга.

3.3.2. Транспорт каражатынын техникалык абалын көзөмөлдөп, бузулуп калса, же кандайдыр бир кемчиликтери аныкталса, ошол замат Ижарага берүүчүгө кабарлоого.

3.3.3. Ижарага берүүчүнүн макулдугу болмоюнча, Транспорт каражатынын сырткы көрүнүшүнө жана конструкциясына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизбөөгө.

3.3.4. Жол кыймылынын эрежелерин сактоого жана жол кырсыгынын алдын алуу боюнча чараларды көрүүгө.

3.3.5. Өзүнүн эсебинен күнүмдүк, майда жана капиталдык ремонт иштерин жүргүзөт, Транспорт каражатын күтүүгө кеткен бардык башка чыгымдарды, ошондой эле эксплуатациялоого байланыштуу пайда болгон чыгымдарды көтөрөт. Транспорт каражатынын иштөөсү үчүн зарыл болгон күйүүчү-майлоочу материалдарды Ижарачы өз каражатынын эсебинен сатып алат.

3.3.6. Транспорт каражаты, анын конструкциялык бөлүктөрү жана тетиктери, анда орнотулган жабдуулар уурдалган, жоголгон же бузулган учурда, анын ичинде жол кырсыгында, Ижарачынын күнөөсү боюнча ушундай жагдайга туш болсо, Ижарачы бул тууралуу Ижарага берүүчүгө токтоосуз билдирип, уурдалган, жоголгон жана бузулган Транспорт каражатын же анын конструкциялык бөлүктөрүн, тетиктерин, жабдууларын өз эсебинен калыбына келтирүүгө же зарыл болгон ремонт иштерин жасоого милдеттүү.

3.3.7. Ижарага берүүчүнүн макулдугусуз Транспорт каражатын үчүнчү жакка өткөрүп бербеши керек.

3.3.8. Ушул Келишимде белгиленген ижара акысын ________________________ айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетине ушул Келишимде белгиленген мөөнөттө которот. Ушул Келишимде көрсөтүлгөн ижара акысын жергиликтүү бюджетке которулгандыгын тастыктаган төлөм документтеринин көчүрмөлөрүн Ижарага берүүчүгө акы төлөнүүчү айдын 15ине чейин берет.

**4. Келишим боюнча төлөмдөр жана эсептешүүлөр**

4.1. Ижара акысынын суммасы айына ________ (сан менен жазылган сумма) (______________ ________) (сөз менен жазылган суммасы) сомду түзөт.

4.2. Ушул Келишимдин 4.1-пунктунда көрсөтүлгөн ижара акысын, ошондой эле ушул Келишимде белгиленген туумду Ижарачы ________________ айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетине төмөнкү реквизиттер боюнча толук көлөмдө которот: ______________________________ ____ (банк эсебинин реквизиттери).

Ушул Келишимдин 4.1-пунктунда көрсөтүлгөн ижара акысын ар бир ай үчүн Ижарачы акы төлөнүүчү айдын 10уна чейин которуп турат.

4.3. Ушул Келишимдин 3.3.5-пунктунда көрсөтүлгөн Ижарачынын чыгымдары ушул Келишимде белгиленген ижара акысынын суммасына киргизилбейт.

**5. Тараптардын жоопкерчилиги**

5.1. Ижарага берүүчүнүн жоопкерчилиги:

5.1.1. Ушул Келишимде каралган милдеттенмелерди аткарбагандыгы үчүн Ижарага берүүчү колдонуудагы мыйзамдарга ылайык жоопкерчилик тартат.

5.2. Ижарачынын жоопкерчилиги:

5.2.1. Ушул Келишимдин 3.3.8-пунктчасында каралган милдеттенмелерди аткарбагандыгы үчүн Ижарачы ____________________ айыл өкмөтүнүн жергиликтүү бюджетине ушул Келишимдин 4.1-пунктунда көрсөтүлгөн ижара акысынын мөөнөтү өтүп кеткен суммасынан кечиктирилген ар бир күн үчүн 0,1 пайыз өлчөмүндө туум которууга милдеттүү.

5.3. Ушул Келишимде белгиленген туумду төлөө Тараптарды аларга жүктөлгөн милдеттенмелерди

аткаруудан же бузууларды четтетүүдөн, ошондой эле ушул Келишимде каралган милдеттенмелерди аткарбоодон же талаптагыдай эмес аткаруудан улам келтирилген зыяндын ордун толтуруудан бошотпойт.

5.3.1. Транспорт каражатына, алардын механизмдерине, түзүлүштөрүнө, жабдууларына үчүнчү жактар зыян келтиргени үчүн жоопкерчиликти Ижарачы көтөрөт.

5.4. Ушул Келишимде белгиленген үстөк айыпты (айып пулду жана туумду) төлөө Тараптарды өздөрүнө тиешелүү милдеттенмелерди аткаруудан же тартип бузууларды четтетүүдөн, ошондой эле ушул Келишимде каралган милдеттенмелерди аткарбоодон же талаптагыдай эмес аткаруудан улам келтирилген зыяндын ордун толтуруудан бошотпойт.

**6. Келишимди өзгөртүүнүн, мөөнөтүнөн мурда токтотуунун жана бузуунун жана аны жаңы мөөнөткө түзүүнүн тартиби**

6.1. Ушул Келишимдин шарттарын өзгөртүүгө (3.3.5-пунктта каралган шарттарды кошпогондо) жана аны мөөнөтүнөн мурда токтотууга Тараптардын макулдашуусу боюнча жол берилет. Ушул Келишимдин шарттарын өзгөртүү жана аны мөөнөтүнөн мурда токтотуу боюнча сунуштарды Тараптар бир айлык мөөнөттө карайт жана кошумча макулдашуу менен тариздешет.

6.2. Бул Келишимди Тараптар каалаган учурда буза алышат. Келишимди бузууну демилгелеген Тарап экинчи Тарапка ушул Келишимди бузганга чейин ____ (____) күн мурда жазуу жүзүндө билдирүү жөнөтүүгө милдеттүү.

6.3. Ижарага берүүчү төмөнкү учурларда Келишимди бир тараптуу жана соттон тышкаркы тартипте мөөнөтүнөн мурда бузууну талап кылууга укуктуу:

1) эгерде Ижарачы атайылап же байкабастыктан Транспорт каражатынын абалын олуттуу начарлатса жана ушул Келишимге ылайык келтирилген зыяндын ордун толтуруудан баш тартса;
2) эгерде Ижарачы ушул Келишимде белгиленген ижара акысын төлөө мөөнөтү аяктагандан кийин төлөө мөөнөтү келген күндөн тартып 10 күндүн ичинде ижара акысын төлөбөсө;
3) эгерде Ижарачы ушул Келишимде каралган өз милдеттенмелерин башкача олуттуу бузууга жол берсе.

**7. Талаш-тартыштарды чечүүнүн тартиби**

7.1. Ушул Келишимдин шарттары боюнча Тараптардын ортосунда келип чыккан бардык талаш-тартыштар же пикир келишпестиктер сүйлөшүүлөр жолу менен чечилет.

7.2. Талаш-тартыштарды же пикир келишпестиктерди сүйлөшүү жолу менен чечүү мүмкүн болбогон учурда, алар жарандык мыйзамдарда белгиленген тартипте сотто каралууга тийиш.

**8. Башка шарттар**

8.1 Тараптар тиркемелерге кол коюшат жана алар ушул Келишимдин ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

8.2. Ижарачынын Транспорт каражатын оңдоого, реконструкциялоого, күтүүгө кеткен чыгымдары ижара акысын азайтуу үчүн негиз болуп саналбайт.

8.3. Ижарачы ижарага алынган Транспорт каражатын Ижарага берүүчүнүн макулдугу менен жакшыртып чыкса, ушул Келишим токтотулгандан кийин сарпталган чыгымдын орду Ижарачыга толтурулбайт.

8.4. Ушул Келишимдин 3.3.5-пунктунда көрсөтүлгөн чыгымдарды төлөө боюнча милдеттенмелер Ижарачыда ага Транспорт каражаты өткөрүлүп берген учурдан тарта пайда болот.

8.5. Тараптардын аталышы, жайгашкан жери, банктык реквизиттери өзгөргөндө же Тараптардын бири кайра уюшулганда, ал бул өзгөрүүлөрдөн кийин эки жумалык мөөнөттө экинчи Тарапка бул өзгөрүүлөр жөнүндө жазуу жүзүндө билдирүүгө милдеттүү.

8.6. Тараптардын ушул Келишим менен жөнгө салынбаган өз ара мамилелери Кыргыз Республикасынын мыйзамдары менен жөнгө салынат.

8.7. Бул Келишим бирдей юридикалык күчкө ээ болгон эки нускада (Тараптардын ар бири үчүн бирден) түзүлдү.

**Тараптардын даректери жана банк реквизиттери:**

Ижарага берүүчү: Ижарачы:

**Ушул Келишимге төмөнкүлөр тиркелет:**

Ижарага берүүчүнүн атынан: ________________ Ижарачынын атынан: ________________
(аты-жөнү) м.о. (аты-жөнү) м.о.